# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ

# ТОКТОМ

2014-жылдын 21-июлу № 403

## Кыргыз Республикасында жалпы орто билимдин мамлекеттик билим берүү стандартын бекитүү жөнүндө

Жаңы типтеги билим берүү стандарттарын киргизүү аркылуу билим берүүнүн сапатын жогорулатуу максатында, “Билим берүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесине, “Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Тиркелген: Кыргыз Республикасында жалпы орто билимдин мамлекеттик билим берүү стандарты (мындан ары – Мамлекеттик стандарт) бекитилсин.

2. Төмөнкүлөр белгиленсин:

- Мамлекеттик стандарт ушул токтомдун тиркемесине ылайык Кыргыз Республикасынын мектептик билим берүү тутумуна жаңы муундагы стандарттарды этап-этап менен киргизүү аркылуу Иш-чаралардын планына жараша жүзөгө ашырылат;

- предметтик билим берүү стандарттары Мамлекеттик стандарт менен бекитилген түзүмгө ылайык Мамлекеттик стандарттын негизинде иштелип чыгат.

3. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги:

- өз чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин;

- Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ушул токтомдон келип чыккан өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча сунуштарды белгиленген тартипте киргизсин.

4. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын билим берүү, маданият жана спорт бөлүмүнө жүктөлсүн.

**Премьер-министр** **Дж.К. Оторбаев**

Кыргыз Республикасынын
Өкмөтүнүн 2014-жылдын
21-июлундагы № 403
токтомуна
тиркеме

**Кыргыз Республикасынын мектептик билим берүү тутумуна жаңы муундагы стандарттарды этап менен киргизүү боюнча иш-чаралардын планы**

| № | Иш-чаралар | Мөөнөттөр | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1. | Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 1-4, 5-9, 10-11-класстары үчүн жаңы муундагы предметтик стандарттарды Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн бекитүүсүнө киргизүү | 2014-2015-жылдар | БИМ |
| 2. | Баштапкы мектептерге предметтик стандарттарды киргизүү | 2014-2015-жылдар | БИМ;<br>райондук/шаардык билим берүү бөлүмдөрү; жалпы билим берүүчү уюмдар |
| 3. | 5-класска предметтик стандарттарды киргизүү | 2015-2016-жылдар | БИМ;<br>райондук/шаардык билим берүү бөлүмдөрү; жалпы билим берүүчү уюмдар |
| 4. | 6-класска предметтик стандарттарды киргизүү | 2016-2017-жылдар | БИМ;<br>райондук/шаардык билим берүү бөлүмдөрү; жалпы билим берүүчү уюмдар |
| 5. | 7-класска предметтик стандарттарды киргизүү | 2017-2018-жылдар | БИМ;<br>райондук/шаардык билим берүү бөлүмдөрү; жалпы билим берүүчү уюмдар |
| 6. | 8-класска предметтик стандарттарды киргизүү | 2018-2019-жылдар | БИМ;<br>райондук/шаардык билим берүү бөлүмдөрү; |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | жалпы билим берүүчү уюмдар |
| 7. | 9-класска предметтик стандарттарды киргизүү | 2019-2020-жылдар | БИМ;<br>райондук/шаардык билим берүү бөлүмдөрү; жалпы билим берүүчү уюмдар |
| 8. | 10-класска предметтик стандарттарды киргизүү | 2020-2021-жылдар | БИМ;<br>райондук/шаардык билим берүү бөлүмдөрү; жалпы билим берүүчү уюмдар |
| 9. | 11-класска предметтик стандарттарды киргизүү | 2021-2022-жылдар | БИМ;<br>райондук/шаардык билим берүү бөлүмдөрү; жалпы билим берүүчү уюмдар |
| 10 | Жаңы муундагы стандарттар үчүн окуу-методикалык комплекстерди (ОМК) иштеп чыгуу жана басып чыгаруу | 2014-2019-жылдар | БИМ;<br>Финмин |
| 11. | Жаңы муундагы стандарттар боюнча мугалимдер үчүн квалификацияны жогорулатуу курстарын өткөрүү | Дайыма | Кыргыз билим берүү академиясы (макулдашуу боюнча); квалификацияны жогорулатуунун региондук институттары жана борборлору (макулдашуу боюнча) |